КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721500 Казарман айылы Ж.Акимбаев көчөсү №81.
тел: (03738) 5 - 00 - 24

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

721500 с. Казарман ул. Ж.Акимбаева №81.
факс: (03738) 5 - 00 - 24


**Каргалык айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын**
**№ 31 ТОКТОМУ**

**05- июнь 2024-жыл** **Казарман айылы**

**Каргалык айылдык кеңешинин 17.04.2024 жылдын № 5 буйругунун негизинде “Таза кызмат” муниципалдык ишкананын 2024 - жылга карата жылдык сметасын, тарифин, иш планын жана техникаларынын бүгүнкү күндөгү абалын кароо тууралуу**

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» жана “Өнөр жай, курулуш,транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссияларынын кошмо жыйынынын төрагасы Н.Дүйшөбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 10 - главасынын 10.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясы**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Таза кызмат” муниципалдык ишканасынын 2024-жылга карата жылдык сметасы жалпы кирешеси - 5630,4 миң сом, Каргалык айыл өкмөтүнүн бюджетинен каралган субсидия - 2300,0 миң сом, жалпы - 7930,4 миң сом акча каражаты бекитилсин.
2. “Таза кызмат” муниципалдык ишканасынын 2024-жылга карата иш планы бекитилсин.
   - “Таза кызмат” муниципалдык ишканасынын “Тагай” мусор төгүүчү полигонуна жеке менчик авто унаалары кирсе;
   - Камаз, Хово автомашиналарына - 550 сом.
   - ГАЗ-53, ЗИЛ автомашиналарына - 350 сом
   - Портер спринтер автомашинасына - 250 сом
   - Жеңил автомашинанын чиркегичи менен кирсе - 150 сом.
3. Каргалык жайыт, Кара-Суу жайыт комитеттерине тиешелүү болгон автотехникалардын учурдагы абалы өтө начар экендиги белгиленсин жана курамы тиешелүү адистерден, депутаттардан комиссия түзүлүп, техникалардын алгачкы профилдерин өзгөртпөстөн оң абалга келтирүү менен “Таза кызмат” муниципалдык ишканасына 01.07.2024 - жылга чейин өткөрүлүп берүү жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы З.Э.Акуновага милдеттендирилсин .
4. “Таза кызмат” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Ж.К.Исмаиловго иштеп жаткан автотранспорттордун техникалык абалын жакшыртуу боюнча колго алуусу милдеттендирилсин.
5. “Таза кызмат” муниципалдык ишканасынын таштанды чыгаруу жана таза-суу менен камсыз кылуу максатында кардарлардын ортосунда түзүлгөн келишимдерди

01.08.2024-жылга чейин толук бүтүрүү жагы ишкананын жетекчиси Ж.Исмаиловго милдеттендирилсин.

6. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
7. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы З.Э.Акуновага милдеттендирилсин.
8. Бул токтомду көзөмөлгө алуу жагы “Өнөр жай, курулуш, байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Жээналиевге милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**